## Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи

# ТОО БУЛБУЛУ ТОКТОГУЛ



**Мугалим: Шабданова Назгүл**

Сканировано с CamScanner

**1. Сабактын максаты:** а) Окуучулар Т. Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгынын урунттуу учурларын билишет.

б) Акындын чыгармаларынын мазмунун айтып бере алышат. Чыгармадагы каармандар боюнча образ жарата алышат. Жашоо, турмуш, жаратылыш, терме, насаат, санат, сүйүү ырларынан үзүндүлөрдү жатка айта алышат.

в) Топтор менен иштөөдө бири-бирине көмөктөшө алышат.

**2. Сабактын усулу:** Интерактивдүү.

**3. Сабактын жабдылышы:** Т.Сатылгановдун портрети, сүргүндө жүргөндө баскан жерлеринин картасы, комуз, DVD дисктери, буклеттер.

**4. Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу *(маанай көтөрүүчү сөздөр).*

**Мугулим:**

*Толгон күүнүн, чексиз ырдын автору,*
*Тоо булбулу, сенин ысымың жүрөктө.*
*Ырларың ок тешип манап өпкөсүн?*
*Комузуңду найза кылдың күрөштө.*

*Жырткыч залим заарын чачты жыланча,*
*Бирок ага ууланбадың, сезбедиң,*
*Бир гана сен ажал арбап жатса да,*
*Биз жашаган нур заманды көксөдүң,* – дегендей бүгүнкү сабагыбыз «Тоо булбулу - Токтогул» деп

аталат. Эмесе балдар, Токтогул Сатылгановдун «Гүлдөп ал» чыгармасын комуздун коштоосунда Бексултан аткарып берет.

**Мугалим:**

Ушул жакшы маанайдагы ырдан кийин биз акындын өмүр баянына токтолуп кетсек. *(Окуучулар кезек менен акындын өмүр баянын кыскача баяндап өтүшөт).*

**Чолпон:** Кыргыз элинин улуу акыны Токтогул 1864-жылы Кетмен-Төбө өрөөнүндө туулган. Атасы Сатылган жамактатып ырдай койгон, куйкум сөздүү, куудул киши болгон. Апасы Бурма элдик ырларды, жомокторду көп билген, кошокчу адам болгон. Токтогул 13 жашынан баштап ырдай баштаган. Бирок Токтогулдун чыгармачылыгына ошол кездеги бай-манаптардын залакасы кедергесин тийгизип, тоскоол болуп турган. Ал Ири-Суу жайлоосунан кармалып, Наманган түрмөсүнө айдалып барып, камалат. Ал жерден Сибирге айдалат. 1905-жылы жаз айларында Омбу, казак жергеси аркылуу качып чыгып, эл журтуна кайтып келет.

**Айдана:** Токтогул 1910-жылы

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

июль айында экинчи жолу камакка алынып, Наманган түрмөсүнө отургузулган. 1910-жылы азаттыкка чыгат.

**Азирет:** 1917-жылдагы падышалык бийликтин кулатылышын, Октябрь революциясынын жеңишин Токтогул кубаныч менен тосуп алган. «Теңчилик доор чыкканда, териме батпай семирдим»-деген акын. 1919-жылы «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду»-деген ырын чыгарган. Кийин жаңы уюшулган колхозго мүчө болуп кирген. 1933-жылы 17-февралда өзүнүн турагы Саз-Жийдеде 69 жаш курагында кайтыш болгон.

**Мугалим:** Ошентип, акындын өмүр баяны менен кыскача тааныштык. *(Окуучулар 3 топко бөлүнөт).*

**1-топ:** «Акындар». Бул топ акындын жашоо, турмуш, жаратылыш, сүйүү, насаат, терме, санат ырларынан көркөм окуп беришет.

**Шайлоо:**

Кара күрмө шай кийип,
Бойлогула кыздар ай.
Кадыр, көңүл бар чакта,
Ойногула кыздар ай.
Кайрылып келбейт өмүрүң,
Ойногула, кыздар ай.
Ойной албай, күлө албай,
Ойногонду биле албай,
Кайран жашты кар тайтып,
Койбогула кыздар ай. *(«Гүлдөп ал»)*

Сканировано с CamScanner
Сканировано с CamScanner

**Арген:**
Тууганына батпаган,
Душманына жалынат.
Болсо жаман арамза,
Болумсуз ишке малынат.
Кийинкисин ойлобой,
Кишинин көөнү калынат.
Жакынына жакпаса,
Жат кишиге жалынат. *(«Насаат ырларынан»)*

**Гүлнар:**
Тоо башында сайраган,
Торгой элем бийерде.
Топ салдатка туш болуп,
Тозок тарттым тиерде.
Булбул элем наалыдым,
Буудан элем талыдым.
Мусапыр болуп өткөрдүм.
Мырзалык жаштын жарымын.
Муңдуу күндө көп жүрүп,
Буурул болуп карыдым. *(«Буурул болуп карыдым»)*

**Рамазан:**
Келериңде дүнүйө,
Өзөнгө бүткөн талдайсын.
Кетериңде дүнүйө,
Өлүмдөн бетер алдайсың.
Келериңде дүнүйө,
Мөмөлүү дарак шактайсың.
Кетериңде дүнүйө,
Суу жетпеген кактайсың. *(«Дүнүйө»)*

Сканировано с CamScanner
Сканировано с CamScanner

**Нурия:**

Ар арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу.
Жаратканы чын болсо,
Жай-жайына койсочу.
Кызыл өңбөс болсочу,
Кыз буралбас болсочу.
Көгөргөнү чын болсо,
Гүлдөр соолбос болсочу. («Өмүр»)

*(Окуучулар өздөрү окуган ырларынын мазмунун чечмелеп, айтып беришет).*

**2-топ:** «Композиторлор»

*(Окуучулар Токтогул Сатылгановдун музыка изилдөөчү А. Затаевич тарабынан нотага түшүрүлгөн бир нече комуз күүлөрүн санап айтып беришет).* Токтогул 60тан ашык күүнүн автору. Анын «Тогуз кайрык», «Миң кыял», «Чоң кербез», «Бала кербез» өңдүү элге кеңири тараган күүлөрү бар. Аларды А.Затаевич 1934-жылы Москвадан чыккан «Кыргыздын аспаптык 250 күүсү жана обону» деген китепке кошкон. Акын күүлөрдү үч топко- кара күү, залкар күү, кол ойнотмо күү деп бөлгөн *(DVDден Т. Сатылгановдун күүлөрү уктурулат. Окуучулар күүнүн атын таап атап беришет).*


Сканировано с CamScanner

**3-топ: «Артистер»тобу**

*(Окуучулар Т.Касымбековдун «Алымкан» драмасынан үзүндү коюп берет).*

**Мугалим:** Балдар, Токтогулдун атында мамлекеттик сыйлык бар. Кыргызстанда филармонияга, көп мектептерге, өзү туулган районго, суу сактагычка, ГЭСке, көчөлөргөТоктогулдун аты коюлган. Ушуларды да айта кетели.

*(Жалпы окуучулар сабакты жыйынтыктоо максатында кластер түзүшөт).*




**Үйгө тапшырма:** «Токтогул-акын насаатчы»-деген темада дил баян жазып келүү.

**Окуучулардын билимин баалоо.**



Сканировано с CamScanner